**Бишкек шаарынын Ленин районундагы № 82 жалпы билим берүү орто мектебинин мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү максатында 2018-2019-окуу жылынын жарым жылдыгында аткарылган иштери боюнча маалымат.**

Бишкек шаарынын Ленин районундагы №82 жалпы билим берүү орто мектебинде мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүүдө 2018-2019-окуу жылында төмөндөгүдөй максаттар алдыга коюлду:

- Мамлекеттик тил жана адабияты предметин сабакка коюлган азыркы күндүн талаптарына ылайык окутуу, окуучулардын билим сапатын көтөрүү;
- Ар кандай чөйрөдө жана тематикадагы кеп маданиятынын нормаларын сүйлөө жана жазуу кебиндеги кыргыз адабий тилинин нормаларын туура сактоого үйрөтүү;
- Окуучуну эне тилин улуттук улуу дөөлөт, сыймык, маданият катары кабыл алып, аны тарыхый-руханий мурас деп таанып, аны менен сыймыктанууга, коргоого жана колдонууга көнүктүрүү;
- Окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүнө карап өнүктүрүүгө жана окутулуп жаткан предметке кызыгуусун жогорулатууга багытталган сабактан тышкаркы иш чараларды, предметтик олимпиадаларды, конкурстарды, кароолорду уюштуруу жана өткөрүү, райондук, шаардык иш-чараларга катышуу;
- Илимий-изилдөө долбоорун түзүп, окуучулардын изилдөө жөндөмдүүлүктөрүн өркүндөтүү;

Милдеттерди аткаруу менен алдыга койгон максаттарды ишке ашырууда жылдык планды иштеп чыктык. Жылдык пландын негизинде айлык пландар түзүлүп, анын негизинде мектеп ичинде ар кандай алгылыктуу иштер жүргүзүлдү.

Мамлекеттик тилди өнүктүрүүдө жылдык план төмөндөгүдөй багыттарда түзүлдү:

Предмет мугалимдерине усулдук жардам көрсөтүү менен иш алып баруу;

Мамлекеттик тилди сапаттуу окутууга багыттоо боюнча иш чаралар, ички көзөмөл;

Мамлекеттик тилди өнүктүрүүдө класстан тышкаркы иш чаралар;

Жогоруда коюлган максаттарды алдыга коюп, биздин мектеп жамааты 2018-2019-окуу жылынын жарым жылдыгында төмөнкүдөй иш алып барышты:

Жылдык пландын негизинде кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин жана мамлекеттик тил боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы алдында кеңешме өткөрүлдү.Август айындагы кеңешмеде жаңы окуу жылына календардык-тематикалык пландар текшерилип, бекитилди.Мугалимдердин окуу жүктөмү бөлүштүрүлдү.Жыл ичинде кесиптик чеберчилигин жогорулатуу боюнча мугалимдердин тизмеси такталды.Мамлекттик тил жана адабияты предметин сабакка коюлган азыркы күндүн талаптарына ылайык окутуу, окуучулардын билим сапатын көтөрүү маселелери талкууланып, 2018-2019-окуу жылындагы жылдык баалардын жыйынтыгы боюнча окуучулардын билиминдеги жана жат жазуу иштериндеги каталар, аларды жоюу, окуучулар менен жекече иштөө маселелери каралды.

Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин темасы: «Окуучуларды адабий тилдин нормасында сабатуу жазуу-сүйлөө маданиятына үйрөтүү»

Кыргыз тили жана адабияты мугалимдери өз билимдерин өстүрүү жана кесиптик

чеберчилигин жогорулатуу үстүндө иш алып барышат.Мугалимдердин усулдук темалары бекитилди.

Усубалиева Н-«Окуучуларды акын жазуучулардын чыгармаларын үн кубулжутуп,

көркөм окууга үйрөтүү»

Турдумаматова З-«5-класста 3 алган окуучу 11-класта да 3 деген баага окуйбу?»

Боронова З-«Окуучуларды көркөм адабиятка кызыктыруу»

Таабалдиева Г-«Адабий тилдин нормасында сүйлөөгө жана жазууга үйрөтүү»

Токтомушова Г-«Окуучуларды туура жазууга жана сүйлөө кебин өстүрүүгө багыт берүү»

Бейшебаева З-«Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы накыл кептер аркылуу окуучулардын

ой-жүгүртүүсүн өстүрүү»

Бейшебаева А-«Окуучулардын адабий тилдеги жазуу сабаттулугун калыптандыруу»

Мурзаканова С-«Окуучуларга интерактивдүү усулдарды колдонуу менен сапаттуу билим берүү»

Урматбек кызы Бегимай-«Чечендик өнөргө багытоо менен окуучуларды китепти сүйүүгө үйрөтүү»

Кубанычбек кызы Айтурган-«Окуучулардын сүйлөө кебин адабий нормада өнүктүрүү»

Тургумбек кызы Акылай-«Чыгармадагы каармандардын жакшы сапаттары аркылуу мекенчилдикке адилетүүлүккө тарбиялоо»

Ар бир айда план боюнча аткарылуучу иштер кеңешмеде тааныштырылып, максатуу бөлүштүрүлүп,

штер жүргүзүлүп жатат.Сентябрь айында усулдук бирикменин отурумунда мугалимдерге мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүүнүн, усулдук бирикменин жылдык планы тааныштырылып, жыл ичиндеги аткарылуучу иш чаралар боюнча маалымат алышты. Анда белгиленгендей мамлекеттик тилдин 29 жылдыгын өткөрүү маселеси каралды.

2018-жылдын 21-сентябрында “Сармерден ”аттуу мамлекеттик тил күнүнө карата уюштурулган иш чара жогорку деңгээлде өттү.Иш чара мектеп линейкасы менен башталып, сахналаштырылган сармерден оюн -зоогу менен коштолду.






Класс жетекчилер тарабынан ачык тарбиялык сааттар өткөрүлүп, окуучулардын кыргыз тилине болгон сүйүүсүн урмат сыйын арттырууга өбөлгө түздү.Кыргыз тили жана адабияты мугалими Турдумаматова Зыйнат “Кыргыз тили сулуулуктун булагы, кыргызымдын көз мончогу тумары” деген темада 11-а классында ачык сабак өттү.

4-декабрь “Манас” эпосунун күнүн белгилөө боюнча шаардык конкурска 6-ж классынын окуучусу Эркинбеков Улукмырза катышып 3-орунга ээ болуп кайтты.






12- декабрь-Адабият күнү.Адабият күнүнө да жумалык жарыяланып, иш-чаралардын планы бекитилип, тарбиялык сааттар иш-чаралар өтүлдү.Бул жылы эки улуу инсаныбыз Алыкул Осмонов менен Чыңгыз Айтматовдун жаркын элесине арналган чоң программадагы адабий кече болуп өттү









Адабият күнүнө карата 7-а классынын жетекчиси Азиза Ниязбековна, «Ч.Айтматов 90 жашта»  деген аталыштагы тарбиялык класстык саат өттү.







Ошондой эле жылдык пландын негизинде ички көзөмөлгө коюлган 7-класстын окуучуларынын билим сапатынын удаалаштыгы текшерилип, мында окутуу кыргыз жана орус тилинде жүргүзүлгон класстардын кыргыз тилинен билим сапаты сабаттуулгуг жана грамматикалык тапшырмалар боюнча билим деңгээли текшерилди.Жыйынтыгында окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстарда

7- а классы билим сапаты-61% жетишүүсү 94%

7-б классы билим сапаты-43% жетишүүсү 96 %

7-в классы билим сапаты-77% жетишүүсү 99%

7-г классы билим сапаты-51% жетишүүсү 99%

7-д классы билим сапаты-35% жетишүүсү 95%

Окутуу орус тилиндеги класстарда

7-ж классы билим сапаты-56%  жетишүүсү 75%

7-е классы билим сапаты-68% жетишүүсү 83%

Жалпы билим сапаты окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстарда, жетишүүсү ал эми окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстарда билим сапаты 56%, жетишүүсү 51% ды түздү.

Кыргыз тили жана адабияты боюнча мектеп ичинде өткөрүлгөн олимпиадага 9-11-класстардан 35 окуучу катышты.Жыйынтыгында 11-класстардан Джумаканов Элдияр,Акбарова Айдана 10-класстардан Элдияр кызы Наздана женүүчү деп табылды.Окуучуларды предметтик мугалимдер Боронова З жана Табалдиева Г.даярдашып, райондук олимпиадага алып барышты.Жыйынтыгында эч кандай орунга ээ болгон жокпуз.Бул жыйынтыктан кийин мамлекеттик тил боюнча окуу бөлүм башчынын алдындагы кеңешмеде маселе каралып, билим сапатын текшерүүдо окуп

түшүнүүгө, текст менен иштөө маселеси коюлуп, план боюнча коюлган 7-класстардын билим сапатын текшерүүдө текст менен иштөө тапшырмасы берилди.Мамлекттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү максатында 2018-2019-окуу жылынын экинчи жарым жылдыгында "Жаш калемгер", "Көркөм окуу" долбоорлорун ишке киргизип, уюштуруу иштери жүрүп жатат.Бул иштердин жыйынтыгы окуу жылынын аягында отчеттук кече катары өткөрүлүп бааланат.

**Бишкек шаарынын Ленин районундагы №82 жалпы билим берүү орто мектебинин мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү максатында**

**2018-2019-окуу жылынын экинчи жарым жылдыгында аткарылган иштери боюнча маалымат**

2018-2019-окуу жылынын экинчи жарым жылдыгында январь айынын планына ылайык мамлекеттик тил боюнча директордун орун басарынын алдында кеңешме өткөрүлүп, биринчи жарым жылдыктын жыйынтыгы, андагы ийгиликтер кемчиликтер маселеси, окуу жылынын экинчи жарым жылдыгында аткарылуучу иштер, өзгөчөлөнгөн жана предметти начар өздөштүргөн окуучулар менен иш алып баруу, окуучулардын дептерлеринин абалдары талкууланды.

Көп тилдүү билим берүү программасынын жаатында биздин мектеп пилоттук мектеп саналып, азыркы күндө бул усулдук бирикмеде 12 мугалим эмгектенип келет. 2017-2018-жылдары кайрадан мугалимдерди окутуп, жакын арада сертификаттарга ээ болгону турушат.

23-январь 2019-жылы Ленин райондук билим берүү борбору тарабынан бүтүрүүчүлөрдүн өз каалоосу боюнча мамлекеттик тилден тест тапшыруусу жөнүндө буйрук келип түшкөн.Ушул буйруктун негизинде бүтүрүүчү класстардын ата-энелери менен чогулуш өткөрүлдү.Чогулуштун чечими менен бүтүрүүчү класстардын окуучулары өз каалоолору менен тест тапшырышып, окуучулардын тизмесин тактоо класс жетекчилерге милдеттендирилди.

21-январда окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн 8-класстардын кыргыз тили сабагынан билим сапаты текшерилди.

8-а классы - 49% жетишүүсү-90%

8-б классы - 53% жетишүүсү-81%

8-в классы - 57% жетишүүсү-78%

8-г классы – 45% жетишүүсү-79%

8-д классы – 62% жетишүүсү-90%

Текшерүү ишинин жыйынтыгы боюнча анализ: 8-класстын окуучуларынын жазган жат жазуусунда

8-д класстын окуучулары 62% көрсөтүштү. Көпчүлүк окуучулардын кол жазмасы сулуу, катасыз

жазышкан. Ал эми 8-а класстын басымдуу бөлүгү орфографиялык каталарды кетиришкен.

8-г класстын окуучулары катар келген үнсүздөрдү алмаштырып жазууда жана энчилүү аттарды жазууда кыйналышкан.

8-а,г-класстын ката кетирген окуучулары менен предметтик мугалими иш алып баруусу эскертилди.

8-ж классы – 66% жетишүүсү-98%

8-е классы – 61% жетишүүсү-92%

Текшерүү ишинин жыйынтыгы боюнча анализ:8-класстын окуучулары “Акылдуу кыз” деген темадагы текст менен иштешти. Бул класстын окуучулары текстти жакшы түшүнүшкөн. Текстке карата түзүлгөн тапшырмаларды, айрыкча сөз айкаштарын маанисине карата бириктиргиле деген тапшырманы көпчүлүгү туура аткарышкан. Окуучулар текстке карата суроолоду түзүүдө ката кетиргендери байкалды.

Предметтик мугалимдер окуучуларды текстке карата суроо түзүүгө жана тапшырмалардын үстүндө убакытты так пайдаланып иштөөгө үйрөтүш керек.

Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн 10-класстардын кыргыз тили сабагынаан билим сапатын текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча

10-а классы – 54% жетишүүсү-91%

10-б классы – 49% жетишүүсү-88%

Текшерүү ишинин жыйынтыгы боюнча анализ: 10-класстын окуучулары “Саякбай” деген темада жат жазуу жазышты. Жат жазууда 10-а класстын окуучулары 54% көрсөтүштү. Ал эми 10-б классынын окуучулары 49% көрсөтүштү. Бул класстын окуучулары жат жазуунун тапшырмасын аткарууда,сүйлөмгө синтаксистик талдоо жүргүзүүдө каталарды кетиришкен.Көпчүлүк окуучулардын кол жазмасы сулуу,катасыз жазышкан.

Предметтик мугалимдерге талдоонун үстүндө иш алып баруу эскертилди.

21-февраль Эл аралык эне тил күнүно карата “Дил бермети-эне тил” аталыштагы мектеп ичинде салтка айланып калган 5-класстар арасындагы кароо-сынак жогорку деңгээлде өткөрүлдү.Сынактын тапшырмасы боюнча ар бир класс өз алдынча изденип даярдык көргөнү байкалып турду.Жыйынтыгында 5-класстар арасынан ташкындаган таланты жана ошол улуттун жакшы жактарын даңазалаган 5-е классы 1-орунга татыктуу болушту. Жеңүүчүүлөр мектеп граммотасы жана сыйлуу белектер менен сыйланышты.

5-класстын окуучулары улуттардын тилин, каада-салттарын бийик ырларын жана башка өзгөчөлүктөрүн көрсөтө алышты.











Жыл сайын бул иш чарага окуучулар жогорку деңгээлде даярданышып, изилдешип, ар бир улуттун өзгөчөлүгүн көрсөтүүгө аракет кылышты.Алар ошол улуттун тилинде ырдап, ошол улуттун бийин бийлеп, улуттук тамак ашын жасашып жана башка өзгөчөлүктөрүн изилдөө менен слайд көрсөтүп жактап беришти.

5-март Ак калпак күнүнө карата мектепте



13-мартта КТРКнын Балдар FM радиосунда өткөрүлгөн “Акыл таймаш” интелектуалдык оюнуна 6-класстын окуучуларынан турган “Ала-Тоо жеткинчектери”тобу катышып, атаандашы №35 мектептин “Ынтымак” тобун 52/ 56 эсебинде жеңип келишти

Окуучуларды даярдаган мугалим Токтомушова Гулиза




28-февралда КТРК каналы уюштурган “Манас таануу” теле таймашына 5-6-класстын окуучулары катышып, байгелүу сыйлыктарга ээ болушту

Окуучуларды бул таймашка даярдаган мугалим Урматбек кызы Бегайым





**13-14-мартта Бишкек шаарынын №55 мектебинде “Мугалим болуу тилегим” аталыштагы конкурс болуп өттү. Бул конкурска Бейшебаева Айнура даярдаган 9-Б классынын окуучусу Урматбек кызы Мээрим катышып келди**





Март айынын ичинде окуучулар менен  кыргыз элине таанымал болгон, көптөгөн чыгармалардын автору, акын эжебиз Бактыгүл Чотурова менен жолугушуу кечесин кыргыз тилчи мугалим Мурзаканова Салтанат уюштурду. Таланттуу окуучуларыбыз акындын чыгармаларынан үзүндүлөрдү, обондуу ырларынан аткарышып беришти.

Мектеп ичиндеги “Жаш калемгер”ийриминин окуучулары жыл сайын отчеттук иштеринин жыйынтыгын көрсөтүшөт. Акын эжейбиздин чыгармаларына таасирленген окуучуларыбыз өз калемдеринен жаралган чыгармаларын жарыкка алып чыгышып, эл алдында окуп беришти.

Бактыгул Чотурова эжейибиз окуучуларга ак жол каалап, белекке алып келген китептеринен тапшырды.

Бактыгүл эже ырларынан көркөм окуду, кеченин аягында окуучулар суроо беришип, кече жогорку деңгээлде өткөрүлдү.





№ 3 педагогикалык кеңешмеде Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик тили жөнүндө” мыйзамын аткаруу Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатынын өркүндөтүүнүн улуттук программасын жана тил билүү деңгээлин аныктоо максатында тест тапшыруу боюнча маалымат берилди.Мамлекеттик тилди өнүктүрүү максатында мектептин, мугалимдердин, иш кагаздарынын окуу кабинеттеринин жасалгасы, мекьеп ичиндег көрнөк жарнакдын жазылышын текшерүү боюнча иштер жүргүзүлдү.

Мамлекетиик тилди өнүктүрүү максатында окуу кабинеттериндеги иш кагаздарынын жазылышы, жасалгалоо иштериндеги айрым кемчиликтер, окуучулар үчүн, ат-энелер үчүн маалыматтык бурстардын, жазылышы боюнча көзөмөл жүргүзүү учурунда төмөнкүлөр аныкталды:

-Журналдардын толтурулушундагы каталар:

-Иреттик сандын жазылышы 1-2- (сызыкчанын жоктугу) рим цифрасынан кийин сызыкчанын коюлушу:

-Папкалардын сырткы эстетикалык көрүнүшү( жазууларыны бирдей өлчөмдөгү шрифт менен жазылышы, ө,ү,ң тамгалары)

-Мамлекеттик тил күнүнө жана адабият күнүнө карата өткөрүлгөн ачык сабактарда маалыматтарды, даталарды интернеттен эмес китептерден алуусу эскертилди

-мектеп ашканасындагы бурчтардын, иш кагаздарынын жана терминдердин кыргыз тилинде жазылышы

Бул кетирген кемчиликтер жөнүндө мугалимдерге сунуштар айтылды.

Мамлекеттик тил жана адабияты предметин сабакка коюлган азыркы күндүн талаптарына ылайык окутуу, окуучулардын билим сапатын көтөрүү жана ар кандай чөйрөдөтематикада

кеп маданиятынын нормаларын кебинде жана жазуу кебиндеги кыргыз адабий тилинин нормаларын туура сактоого үйрөтүү-милдеттерибиздин бири болуп саналат.

2018-2019-окуу жылынын экинчи жарым жылдыгында ар бир айда мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча жылдык пландын негизинде жана Бишкек шаардык Билим берүү башкармалыгы тарабынан мамлекеттик тилдин окутулушу, класстардын билим деңгээли, сабаттуулгуу текшерилип жыйынтыктар чыгарылды.

Апрель айында Билим Берүү башкармалыгы тарабынан окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү уюмдардын 11-класстарынан билим сапатын текшерүү үчүн 185 сөздөн турган, “Ак кеме” аталыштагы тапшырмалуу жат жазуу алынды. Жат жазуунун текстин жазууга 30минута граматикалык тапшырмаларга 15 минута берилди.

Жыйынтыгында:

11- А классы билим сапаты-58% жетишүүсү- 87%

11-Б классы  билим сапаты- 55% жетишүүсү -100% түздү

Текшерилген иштин анализи: жазуу жумушун текшерип, анализдеп чыкканда, окуучулардын орфография боюнча кетирген каталары 68%, пунктуациялык каталары 25% түздү.Жат жазууну жазууда окуучулар синтаксистик талдоодон көп каталарды кетиришкен.Айрым окуучулар синонимдерди табууда да кыйналышкан.Окуучуларга берилген тапшырмаларды кызыгуу менен аткарууга аракеттеништи.

Жалпы билим сапаты 56,81%, жетишүүсү 93,18%ды түздү.

Окуу жылынын аягында удаалаштыктын негизинде 4-класстардан тапшырмалуу жат жазуу алынды.

2018-2019-окуу жылында жылдык пландын негизинде мектепте мамлекеттик тилди өнүктүрүү максатында жогоруда белгиленген иштер аткарылды. Таланттуу окуучулар менен иштөө үчүн кабинет жетишсиз болгондуктан, “Жаш калемгер” ийриминин мүчөлөрү алгылыктуу иштерди аткара албай келишет. Райондук олимпиадада 1-2-орунга татыктуу боло албай келе жатабыз.

2018-2019-окуу жылында жогорудагы кемчиликтерди жоюу менен төмөнкү милдеттерди алдыбызга койдук:

- “Тарыхый чыгармаларды окутуу” долбоорун уюштуруу

-“Жаш калемгер”ийримине кабинет бекиттирип берүү

-“Манас таануу” ийриминдеги окуучуларды жаңылоо, толуктоо

-Олимпиадалык топ түзүү  жана тажрыйбалуу мугалимдерге окуучуларды бекитип берүү

-Адабият сабагынын окутулушу, жетектөө усулдук бирикменин жетекчиси

-“Мыкты мугалим -2020”кароо сынагына катышуу, жетектөө усулдук бирикменин жетекчиси;

-Райондук, шаардык долбоорлорго, кароо-сынактарга катышуу, жетектөө усулдук бирикменин жетекчиси;

-Жалпы мугалимдер жамаатын тил билүү деңгээлин аныктоо максатында тесттен өткөрүү, сабаттуулугун текшерүү, жетектөө мектеп жетекчилиги

-Көп тилдүү билим берүү программасынын алкагында сабактарды өтүүнү жандандыруу жетектөө- усулдук бирикменин жетекчиси;

-Мамлекеттик тил кабинеттерин талапка ылайык жасалгалоо, жетектөө-кабинет жетекчилери.

“Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” мыйзамын, 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасын,Кыргыз Республикасынын “Манас” эпосунун үчилтигин сактоо, өнүктүрүү жана даңазалоо жөнүндө” мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарынын мэриясынын 2016-жылдын 5-сентябрындагы №11 токтомунун, Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринде кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнү өркүндөтүүнүн концепциясын аткаруу менен 2018-2019-окуу жылына №82 жалпы билим берүү орто мектебинин мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн планын түзүү, жаңы окуу жылында кетирилген кемчиликтерди жоюу менен иш алып барабыз деген ишеничтебиз

Мектеп директору: Исраилова А.Н

Мамлекеттик тил боюнча

директордун орун басары: Усубалиева Н.К.